ОшМУга 80 жыл!


Жаштык-бул жигер!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити

№01 (190) 2019-жыл, февраль • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru


## ОшМУ КЛАССИКАЛЫК университеттен ИЗИЛДӨӨЧҮ ИННОВАЦИЯЛЫК университетке карай





5-бетте



## ОРУСИЯДАГЫ МЫКТЫ КЫРГЫЗ ХИРУРГУ

4-бетте

## КОРЕЯГА ЖЕТЕЛЕГЕН КЫЯЛДАР



6-бетте



## КАТАР ӨЛКӨСҮНӨ ЖОЛДОМО

7-бетте

## ОшМУ мырзасы–2019



*23-февраль Ата Мекенди коргоочулардын кунунө карата ОшМУда «ОшМУ мырзасы–2019» сынагы Ош улуттук драма театрында болуп өттү. Сынактын шарттарына ылайык университеттин факультеттеринен, колледждеринен мыкты деп тандалып алынган 12 мырза 4 турда өз чыгармачылыктарын тартуулашты. Жыйынтыгында педагогика жана дене тарбия факультетинин студенти Бектурсун уулу Нурзаман «ОшМУ мырзасы – 2019» номинациясын, баш байгени жеңип алды. Ал эми дуйнөлук тилдер жана маданият факультетинин студенти Акылбеков Адылбек «ОшМУнун интеллектуал мырзасы-2019», Киноакадемиянын студенти Ибрагимов Адилет «ОшМУнун таланттуу мырзасы-2019» номинацияларына ээ болушту. Сынакта жеңуучу болгон мырзаларга университет тарабынан ноутбуктар жана Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети тарабынан акчалай сыйлыктар тапшырылды. Ал эми катышкан бардык мырзаларга уюштуруучулар тарабынан окуу жай тарабынан дени сак болууга ундөгөн велосипеддер берилди. Ошондой эле ар бир катышуучуга Ысык-Көлдө эс алып келуугө жолдонмолор тыпшырылды.*

*Нурзаман Бектурсун уулу, «ОшМУ мырзасы -2019» сынагынын жеңуучусу, педагогика жана дене тарбия факультетинин 2- курсунун студенти:*

*-Жеңиштин даамын татып, суйунучумду жашыра албай журөм. Сынактын төрт жобосун тең жогорку деңгээлде аткаруу кыйынга турду. Өзгөчө жигит суйуусун ачып беруу актёрдук чеберчиликти талап кылды. Иш-чарада дос таптым, өзумдөгу өсуумду байкадым, өзумө талабым жогорулады. Сынак учурунда 11 катышуучудан, сахнанын, элдин сурунөн толкунданып жаттым. Бирок ата-энем, бир тугандарым, колдоочуларымдын жардамы менен баш байгени багындырдым. Уюштуруучуларга, факультеттин жалпы жамаатына, актёр Солтобай Кулбаевге, хаерограф Алтынай Осмоналиева эжекеме жана досторума терең ыраазычылыгымды билдирем!*

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru





# ТҮРКСОЙ ЭЛ АРАЛЫК УЮМУНУН БАШ КАТЧЫСЫ ОШМУДА БОЛДУ

20-февралда ТҮРКСОЙ эл аралык уюмунун баш катчысы Дүйсен Касеинов, Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары Кайрат Иманалиев, Кыргыз Республикасынын ТҮРКСОЙ уюмундагы өкүлү Кожогелди Култегин жана Ош шаарынын вице-мэри Нурбек Кадыров ОшМУда болушуп, Ош мамлекеттик университетинин ректору Каныбек Исаков менен жолугуп, университет менен жакындан таанышышты.

Жолугушуунун алкагында ТҮРКСОЙ эл аралык уюмунун баш катчысы Дүйсен Касеинов баштаган делегация университеттин профессордук-окутуучулук курамы жана студенттер менен баарлашты. Дүйсен Касеинов Ош шаары 2019-жылдагы «Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору» деп жарыялангандыгын, Ош шаарына атайын куттуктап келгендигин айтты. Ошондой эле Ош мамлекеттик университети да билимдин, маданияттын, илимдин очогу катары Ош шаарында апрель айында белгиленүүчү эл аралык деңгээлдеги иш чарага жогорку даярдык менен катышууга, көмөктөшүүгө даяр экендигине ыраазычылык билдирип, быйылкы жылы жыл бою эл аралык иш-чаралар Ошто уюштурула тургандыктарына токтолду.

Ош мамлекеттик университетинин ректору Каныбек Исаков ОшМУнун жамааты да Ош шаары 2019-жыл «Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору» болгондугуна сыймыктануу менен бул багытта түрдүү иш-чараларды мерчемдеп, жыл бою бардык иш аракеттерге жалпы жамаат жигердүү катышууга даярдыктар жүрүп жатканын, жыл ичинде түрк элдеринин каада-салтын, тарыхын, маданиятын чагылдырган бир топ эл аралык илимий, маланий, спорттук иш-чаралар, фестивалдар, жолугушуулар өткөрүлөрүн кошумчалады.

# «АЗЫРКЫ БЕЙПИЛ ЗАМАНДА КАНТИП ЭРДИК ЖАРАТУУГА БОЛОТ?» ДЕГЕН АТАЛЫШТАГЫ АДАБИЙ-МУЗЫКАЛЫК КЕЧЕ



Ош мамлекеттик университетинде аялдар кеңеши тарабынан 23-февраль Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата «Азыркы бейпил заманда кантип эрдик жаратууга болот?» деген аталыштагы адабий-музыкалык, талкуу кечеси уюштурулду.

Мырзалардын майрамына арналган иш чарага ОшМУнун социалдык жана тарбия иштери боюнча проректору Түмөнбай Кодошов, профсоюз уюмунун төрагасы Абдыжапар Аккулов, ОшМУнун Киноакадемиясынын директору, акын Улукбек Омокеев, ОшТУнун доценти Абдымитал Баймуратов, акын, «Ош шамы» гезитинин кызматкери Бекмурат Келдибаевдер кеченин катышуучуларына «Азыркы бейпил заманда кантип эрдик жаратууга болот?» деген теманын айланасындагы ойлорун ортого салышты. Жаштарга учурда адептүү, билимдүү, бир кесиптин дасыккан адиси, боорукер, кайрымдуу, эр жүрөк сыяктуу сапаттар, ата-энени, эли-жерди сүйүү менен, камкордук кылып, аздектөө менен эрдик кылууга боло тургандыгын айтышып, кызыктырган суроолорго жооп беришти.

Кечеге Ош шаардык аялдар кеңешинин төрайымы Химия Сүйөркулова, ОшТУнун аялдар кеңеши, студенттери конок катары катышышты.

Иш–чаранын жүрүшүндө Ош шаарындагы «Ажарлуу аялзат» коомдук бирикмесинен жана ОшМУнун таланттарынан майрамдык ыр белектер тартууланды.
Кечинин соңунда ОшМУнун Киноакадемиясынын директору, акын Улукбек Омокеев, ОшТУнун доценти Абдымитал Баймуратовдор Жогорку Кеңештин ыраазычылык баракчалары менен сыйланышты.

# ОШМУ ОКУТУУЧУЛАРЫ ЖАНА СТУДЕНТТЕРИ ЖЕҢИШКЕ ЖЕТИШТИ

***23–февраль Ата мекенди коргоочулардын күнүнө карата Ош шаардык мэриясы тарабынан уюштурулган волейбол боюнча мелдеште ОшМУнун окутуучулары жана студенттери 1-орунга ээ болушту. Мелдеш эки топко бөлүнүп өткөрүлгөн:***
1-топто Ош шаарында жайгашкан бардык мекеме-ишканалардын, күч курамдардын, билим берүү, медицина жана коомдук уюмдардын кызматкерлери арасында уюштурулуп, анда биринчи орунду ОшМУ багынтса, экинчи жана үчүнчү орунду Ош бажысы, ОшТУнун курама командасы камсыздады.
Ал эми студенттер арасында спорттун волейбол, баскетбол түрү боюнча да ОшМУнун командасы биринчиликти камсыздады.
Женүүчүлөргө Ош шаардык дене-тарбия жана спорт комитети тарабынан дипломдор, кубоктор жана баалуу белектер тапшырылды.

# ОШ МУНУН ОКУТУУЧУЛАРЫ ЖАНА СТУДЕНТ-МАГИСТРАНТТАРЫ, АЛМАТЫ ШААРЫНДА КЫШКЫ МЕКТЕПКЕ КАТЫШЫП КЕЛДИ



Казак улуттук агрардык университетинде 11-24-февраль күндөрү өтүп жаткан эл аралык кышкы мектепке ОшМУнун өкүлдөрү активдүү катышууда. Эл аралык мамилелер факультетинин 3-курсунун студенти Мамараимова Доолатхан Авазбековна «Development of the green economy in Kyrgyz Republic», Математика жана информациялык технологиялар факультетинин 1-курсунун магистранттары Султанбек Камалов менен Пакал уулу Долонбек «Разработка web сайта интернет-магазина «Агрохимикаты» средствами MySQL, PHP, HTML и CSS» деген темаларда докладдарды жасашты. Жыйынтыгында ар бир катышуучу сертификатка ээ болот. Чакыруучу тарап делегаттарга кышкы мектепти акысыз уюштуруп, жатакана, ар күнү түшкү тамак менен камсыздап, шаардын кооз жерлерине экскурсия жасоону камсыздоодо. Эскерте кетсек жыл сайын өткөрүлүп келе жаткан бул кышкы мектепке ОшМУдан 24 өкүл катышууда. Делегацияны э.и.к., доцент Эрлан Токтоназарович жетектеп барды.

# ОШМУДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ОРТО КЕСИПТИК ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН АССОЦИАЦИЯСЫ ТҮЗҮЛДҮ



Ош мамлекеттик университетинин финансы-юридикалык колледжинде 16-февралда Аймактык студенттик олимпиаданы уюштуруу жана Кыргызстандагы орто кесиптик экономикалык билим берүү окуу жайларынын Ассоциациясы түзүлдү. Жалпысынан Ассоциацияга Кыргызстандагы 14 орто кесиптик экономикалык билим берүүчү окуу жайлары кирди.
Иш-чаранын жүрүшүндө ОшМУнун ЖОЖго чейинки билим берүү департаментинин директору б.и.к., доцент Тажимамат Эркебаев Кыргызстандагы орто кесиптик экономикалык билим берүү окуу жайларынын Ассоциациясын түзүүнүн зарылдыгы, максаттары жана перспективалары боюча баяндама жасады. Ал эми финансы-юридикалык колледжинин директору, п.и.к., доцент Танавар Акматова ОшМУнун 80 жылдык бай тарыхы, финансы-юридикалык колледжинин жетишкендиктери, алдыга койгон максаттары боюнча презентациялады.
Кыргызстандагы орто кесиптик экономикалык билим берүү окуу жайларынын Ассоциациясына кирген окуу жайлардын директорлору ОшМУнун ректору, профессор Каныбек Исаков менен жолугуп, пикир алышты.
Күндүн экинчи бөлүгүндө олимпиаданын Жобосу талкууланып бекитилди жана олимпиаданы уюштуруу комитети дайындалды. Андан соң олимпиаданын өткөрүү тартибин практика жүзүндө көрсөтүү максатында келген 20 предметтик окутуучуга логин берилип тесттен өтүштү. Жыйынтыгында келген коноктор иш-чараларды демилге кылган ОшМУнун жетекчилигине, ФЮКтун дирекциясына ыраазычылык билдиришти.
Ассоциациянын макулдашуу Меморандумуна 14 кесиптик окуу жайдын директорлору кол коюшту.

**ОшМУ ПРЕСС**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ОКУТУУЧУ СТУДЕНТТИН КӨЗҮ МЕНЕН



***Окуу жайдагы билим сапатын жогорулатуу максатында жүзөгө ашып жаткан «Окутуучу-студенттин көзү менен» аттуу анкетирлөөнүн жүрүшү боюнча ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппаратынын жетекчиси Бектурсун Орзали уулун кепке тарттык.***

**-«Окутуучу-студенттин көзү менен» аттуу анкетирлөөнүн максаты?**

-Жалпыбызга белгилүү болгондой бүгүн өлкөбүздө 50дөн ашуун университеттер бар. Биздин окуу жай учурда ар тараптан ат чабым алдыда баратат. Казакстандын «Аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги» (НААР) тарабынан иштелип чыккан «КРдин ЖОЖдорунун көз карандысыз рейтинги-2018» изилдөөсүндө ОшМУ Кыргызстандагы жогоркуу окуу жайлардын генаралдык рейтингинде 1-орунду ээледи. Демек, алдыда университетибиздеги окутуунун сапатын дагы да жакшыртуу, окутуучуларыбыздын изденүүсүнө шарт түзүп берүү, ошол эле учурда студенттердин билим алууга кызыгуусун арттыруу, кесипкөй эле эмес, өз оюн эркин жеткире ала турган адистерди тарбиялоо максатында бул иштерди уюштуруп жатабыз.

**-Анкетирлөө канчалык деңгээлде максатына жетти?**
-Биринчиден, биз окуп бүткөн семестр үчүн анкетирлөө алдык. Ошол себептүү, былтыркы бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр жана 2018-2019-окуу жылына жаңы кабыл алынган биринчи курстун студенттери бул иш- чарага катыша албады. Жалпы 8000 ден ашуун студенттерден анкеталарды алдык. Бул көрсөткүч биз үчүн жакшы жетишкендик.

**-Анкетирлөөнүн жүрүшүн кимдер көзөмөлдөдү жана кайсы факультеттерде болуп өттү?**
-Анкетирлөө эч кандай окуу процессине тоскоолдук жаратпастан, сабактан кийинки учурда университетибиздин бардык факультеттери үчүн онлайн түрдө уюштурулган болсо, Өзгөн эл аралык медициналык колледжине кагаз түрүндө анкета алынды. Учурдан пайдаланып, студенттерге түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн, бизге жакындан жардам берген жигердүү студенттерибизге, студенттик акыйкатчы аппаратынын ар бир факультеттеги өкүлдөрүнө ыраазычылыгымды билдирем.

**-Эң жогорку жана эң төмөнкү көрсөткүчкө ээ болгон мугалимдер үчүн кандай иш-аракеттер жүргүзүлдү?**
-Жалпы 104 кафедранын мугалимдеринин иш-аракети тууралуу сурамжылоо жүргүзгөн болсок, алардын ичинен төмөнкү көрсөткүчкө ээ болгон мугалимдердин кафедрасына жана кафедра башчыларына кабар берилип, тиешелүү мугалимдерге эскертүү берилди.

Ал эми студенттер тарабынан колдоого алынган окутуучуларга жыл жыйынтыгында ректорубуз К.А. Исаков агайыбыздын атынан атайын грамота, дипломдор тапшырылып, сыйга татыктуу болушту.

**-Анкетирлөө студенттер үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү берет?**
-Менимче бул сурамжылоо студенттер учун эң сонун мүмкүнчүлүк болду деп ойлойм. Себеби бул иштин башка анкетирлөөдөн айырмаланганы ушул убакка чейин сурамжылоону башка өңүттө алып барган болсок, бул жолу бир гана предмет эмес, профессордук-окутуучулук курамды баалоонун критерийлеринде окутуучунун кесипкөйлүгү, сабак учурунда өзүн алып жүрүүсү жана анын педагогикалык этикасы, студентти туура жана ачык баалоосуна чейин кошконбуз жана бул критерийлер боюнча мугалимдерге студенттер бирден бешке чейинки упай менен баалайт. Демек, мындан улам бардык нерсе биздин студенттердин колунда болуп жатат.

# ЭЛЧИ МЕНЕН ЭРКИН БААРЛАШУУ

Ош мамлекеттик университетинин 80 жылдык маарекесинин жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин түзүлгөндүгүнүн 75 жылдыгынын алкагында 27-февралда ОшМУда «Мотивациялык жолугушуу жана элчи менен эркин баарлашуу» деген темада Кыргыз Республикасынын Өзбекстан Республикасындагы толук жана ыйгарым укуктуу элчиси, КРнын Эл артисти, ОшМУнун сыймыктуу бүтүрүүчүсү Ибрагим Жунусов менен жолугушуу болуп өттү.

Баарлашууга университеттин эл аралык мамилелер, дүйнөлүк тилдер жана маданият, искусство, кыргыз филологиясы жана журналистика факультеттеринин студенттери катышышты.

Алгач ОшМУнун ректору Каныбек Исаков баарлашууну ачып, университеттин сыймыктуу бүтүрүүчүсү тууралуу студенттерге баяндап өттү. Өзүнүн 27 жылдык өмүрү ОшМУда билим, тажрыйба алуу, эмгектенүү менен өткөндүгүн сыймыктануу менен айткан Ибрагим Жунусов студенттерди кызыктырган суроолоруна жооп берди. Баарлашуу жеке жашоосу, чыгармачылыгы, ийгилик сырлары, дипломатиялык ишмердиги, Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы учурдагы достук, кызматташтык алакалары боюнча болду. Негизгиси кечени коногу студенттерди шыктандырган мотивацияларын берди.



Белгилей кетсек, учурда ОшМУнун эл аралык мамилелер факультети менен Тышкы иштер министрлигинин ортосунда долбоор башталган. Аталган долбоорго ылайык элчилер менен жолугушуулар уюштурулуп, азыркы ааламдашуу доорундагы Кыргызстандын эл аралык аренадагы орду, алака маселелери, студенттердин жумушка орношуу, практика өтөө жаатындагы кызматташтыктарды талкуулоо максатын көздөгөн иш чаралар уюштурулуп келет.

# СЕМИНАР КӨРГӨЗМӨДӨН ТААСИРЛЕР



Кыргыз Республикасынын Президенти С. Ш. Жээнбековдун «Аймактарды өнүктүрү жана санариптештирү» жылынын алкагында Баткен областына караштуу Кадамжай районунун Охна айылындагы С. Тешеев атындагы орто мектебинде райондук деңгээлде «Башталгыч класстарда сүрөт сабагын окутуунун жана сүрөт тартуу техникаларын үйрөтүүнүн усулдары» аталыштагы семинар 2019-жылдын 24-январында болуп өттү. Семинардын негизги максаты: Башталгыч класстын мугалимдерине сүрөт сабагын окутуунун усулдары, сүрөт тартуунун техникасы боюнча усулдук жардам берүү аркылуу, окуучулардын искусствого болгон кызыгуусун калыптандыруу. Семинарга райондун аймагындагы 30 дан ашуун мектептен 92 башталгыч класстын жана көркөм кол өнөрчүлүк сабагынын мугалимдери катышты. Аталган семинарга С.Тешеев атындагы орто мектебинин директору, райондук билим берү бөлүмүнүн сүрөт, технология предмети боюнча усулдук бирикменин жетекчиси С. Калматов агайдын чакыруусу боюнча Ош мамлекеттик университетинин педагогика жана дене тарбия факультетинин Башталгыч билим берүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын улук окутуучусу (аталган кафедрада «башталгыч класстарга эстетикалык тарбия берүнүн теориясы жана технологиясы предметин өтөт) Каныбек Джанибаев өзүнүн окуткан студенттеринин колунан жасалган эмгектеринен түзүлгөн көргөзмөсүн уюштуруп, ошону менен бирге семинарга катышкан мугалимдерге «Башталгыч класстын окуучуларына перспектива менен сүрөт тартуунун тийгизген таасири» деген темада бир сааттык мастер – класс өтүп берди.

Мастер-класстын соңунда райондук билим берүүнүн усулчулары жана мектеп мугалимдери сөзгө чыгышты, өз пикирлерин жана каалоо-тилектерин билдиришти.

**Маселен, райондук билим берү бөлүмүнүн усулдук каана башчысы М. Ганыбаев:**

"Бүгүнкү иш чаранын жүрүшү биз күткөндөн да жогорку деңгээлде уюштурулду десек болот. Семинарга катышкан мугалимдерибиз үчүн усулдук гана жардам болбостон, алардын руханий жан дүйнөсүн байыткан моралдык да жардамы тийди деп ойлойм. Ошону менен бирге өздөрүнүн алтындай убактыларын арнап, бөлүп семинарда болочокто башталгыч класстардын мугалими болуучу студенттердин чебер колдорунан жасалган сонун көргөзмө менен катышып олтурушкан ордолуу Ош шаарындагы Ош мамлекеттик университетинин окутуучуларына өзүмдүн жана райондук билим берү бөлүмүнүн атынан терең ыраазычылык билдирем. Биздин райондук билим берүү бөлүмү менен ОшМУнун ортосунда карым-катнаш бекемделгенине аябай кубанычтабыз. Сиздердин келишиңиздер биздин мугалимдер үчүн усулдук жана илимий жаатта чоң колдоо болду деп ойлойм. Мындай байланышты мындан ары туруктуу улантсак. Башка сабактардан да ушул өңдү семинарлар уюштурулса, мугалимдер үчүн пайдалуу болоруна көзүбүз жетип олтурат. Райондогу сүрөт, технология предметтери боюнча усулдук бирикме жетекчиси С.Тешеев атындагы орто мектебинин директору С. Калматов агайдын өткөргөн семинары максатына жетти деп ойлойм" - деп билдирди.

Мындан сырткары Ош МУдан барышкан өкүлдөр С.Тешеев атындагы орто мектебинин бүтүрүчүлөрү менен жолугушуу учурунда Ош мамлекеттик университетинин жетишкен ийгиликтери , даярдоочу профилдери, адистиктер, ЖРТ жана окуу жайга кабыл алуу сыяктуу кызыктырган суроолор боюнча маалымат беришти.

Семинардын акырында райондук билим берү бөлүмүнүн өкүлдөрү М. Ганыбаев, Т. Акботоевалар Ош мамлекеттик университетине, анын ректору профессор Исаков Каныбек Абдибаситовичке терең ыраазычылыктарын билдиришти.

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru



# ОРУСИЯДАГЫ МЫКТЫ КЫРГЫЗ ХИРУРГУ

***Тактыкты ураан туткан дүйнөдө эки кесиптин ээлери болот тура. Анын бири журналисттер болсо, экинчиси медиктер. Бул эки кесип ээлери тактыгынан тагдыр жаратып, келечекке үмүт артырышат. Мына ушундай сапатты өзүнө сиңирген медицина илимдеринин кандидаты, хирург, илимий 40 макаланын жана 5 ойлоп табуунун автору, Новосибирск областына караштуу Татарск шаарындагы хирургия бөлүмүнүн бөлүм башчысы, Ош МУнун бүтүрүүчүсү Мелис Толтоев менен болгон маекке назарыңыздарды бурабыз.***



**-Ааламга жол айылдан башталат дегендей, сөздүн башын киндик кесип торолткон, бешикке бөлөп чоңойткон айылыңыздагы кызуу турмуш менен, балалыгыңыздагы байыр алчу элестериңизден баштасак, агай?**

-"Бүгүн турпатымы түбөлүк бешигинде бөлөй турган, көз ачып көргөн жерим – Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылы. Балалыктын тасмасы 1984-жылдан тартылды. Өмүр сызыгы аталган айылымын мектеп босогосунан, кийин 2001-жылы Ош шаарындагы №28 мектебинен башталды. Ааламга жол айылдан башталат деп туура айттың, канчалаган илимпоз, кыргыз элинин татыктуу, таланттуу инсандарын мекенибизге тартуулаган айылыбыз өзү бир керемет. Ошол адамдардын катарында чоң атам да бар. Чоң атам Алдыраков Толтой Совет мезгилинде облустагы эң көрүнүктүү адамдардын бири болчу, ары чыгаан журналист, мекенчил инсан эле.

Балалыгымдын тасмасында эмгекке, илимге болгон умтулууну, ошол мезгилдеги өткүр, кыйын, өзү жолуктурган адамдардын таасирлентчү сапаттарын бизге насаат катары айтып берип, адамдар менен кантип мамиле кылууну үйрөткөн чоң атамдын тарбиясы – өмүр тасмамдын эң ыйык текчесинде сакталуу.

**-Анда тасмаңызды кайрадан артка кайтарып, студенттик кезиңиз боюнча тартылган айкын кызыктуу учурларыңызды да көздөн кечирсек...**

-Эң бир эсте калаарлык жылдарды камтыган "студент" деген сөздүн өзү бир укмуш. Бул учурдун наны таттууда, ары ачууда болот. Анткени чоң агымга каршы сүзүүгө бет алган толкундардын мүмкүнчүлүктөрү, оорчулуктары, жаңы ачылыштары... Анда сөз башынан болсун... Окууга экзаменден өз күчүм менен эң жогорку балл алып, биринчилерден болуп бюджеттик негизге өттүм. 12 студенттен, башкача айтканда, кыргыз, орус, татар, өзбек, тажик улутундагылардан түзүлгөн көп улуттуу тайпа болдук. Жашоонун кызыгы эми башталат дегендей (күлүп), алгачкы эле күнү анатомиядан берген агайым сен староста болосуң деп шайлап коюп, бир жума ойлонуп жүрдүм: эми башка улуттагы адамдарды кантип башкарам, өзүм орусча жакшы билбесем деп. Бирок, алтынчы курсту бүткүчө тайпанын макулдугу менен староста болдум.



**-Дарыгерликти тандап алууңуздун себеби эмнеде? Бул адистик кандай аракетти жана кандай өжөрлүктү талап кылат?**

-Медицина илими көп эмгекти, билимди, чечкиндүүлүктү талап кылат. Мектепте окуп жүргөндө менде экономика же медицина деген тандоо болду. Атам ушул тармакта окууму (медицина) макулдугун берди.

Атам дайыма айтчу: "Бийиктике талбай умтулуу керек"–деп. Эсимде, 2001-жылы экзаменге даярданып жатканда бюджеттик негизге өтүшүмө бир гана атам менен апам ишенчү, анда таанышы жок окууга өтүү кыйынга турчу. Ошондо биринчи жолу билимдүү адамдын көп нерсеге кудурети жетээрине ынандым.

Мектепте, институтта окуп жүргөндө чоң жетишкендиктерге ээ болгон биздин замандын инсандарынын өмүр-таржымалын окуп, алардын жасаган иштери, ийгиликтери менен таанышып чыгат элем. Анан да чет өлкөдө билим алууга абдан кызыкдар болуп жүрдүм. Ошондо көптөн сыйлап, урматтаган профессор Мусаев Акылбек Иноятович жана хирургия бөлүм башчысы Токтогулов Ороз Жунусалиевичтер мага чет мамлекетке барып билимимди жогорулатууга аспирантурага барып окуумду айтып калышты. Алардын жардамы аркылуу 2009-жылы Россиянын Казань шаарындагы Казань мамлекеттик медициналык академиясына хирургия адистиги боюнча үч жылдык аспирантурага жолдомо алдым.

Казань - бул абдан кооз, тарыхый-архитектурасы, заманга жооп берген, жаштардын шаары. Экинчиден шаардын көпчүлүгү ислам динин тутунгандар. Ал эми Казань мамлекеттик академиясы Совет убагынан бери эң ири институттардын бири, бул жерде Вишневский, Сигал, Ратнер, Лурия, Зимницкий аттуу атактуу академиктер иштешкен. Мен үчүн ушундай көркөм шаарда, тарыхый академияда билим алуу абдан кызыктуу болду. Аспирантуранын эң негизги максаты жана жетишкендиги же болбосо жыйынтыгы илимдик диссертация жазып жана аны коргоо. 2012-жылы академиянын чоң залында 20 дан ашуун профессорлордун астында хирургиянын эң көйгөйлүү, актуалдуу «Жоон ичегинин хирургиясы» деген темада кандидаттык диссертациямды коргодум. Бул тема боюнча отуздан ашуун статьялар, тезистерди чыгардым, бир нече ойлоп табууларга патент алдым. Буга кубануу менен көмөктөшкөн менин илим башчым профессор Малков Игорь Сергеевич, жана кафедранын доценттери, ассистенттерине ыраазычылык билдирем.






**-Эмгек жолуңузду кайсыл жактан баштагансыз?**

-Чет мамлекетте окуу, илим коргоо бул өтө кылдаттыкты, тактыкты кабылдайт, жана финансылык муктаждыка алып келет. Бюджеттик эсепте окуган үчүн башында 2500-3000 рубль, кийин 5000-6000 рубль стипендия алсам да, бирок ал жетчү эмес. Биринчи жылдары ата-энем көмөктөшүп жүрдү, кийин үйрөнүп, көнүп калганда кесибим боюнча жумушка орношом деп жанталбастап издеп, досторум, кесиптештерим аркылуу башында убактылуу алты айдан кийин туруктуу өз адистигим боюнча жумуш таап, иштеп калдым.

**-Кесибиңиз боюнча жетишкендиктериңиз боюнча да сөз кыстара кетсеңиз?**

-2012-жылдан бери Новосибирск областына караштуу Татарск деген шаарда, хирургия бөлүмүндө хирург болуп иштейм, акыркы бир жылдан бери бөлүм башчымын. Мында ар бир күнүм жаңы операция, бейтап, изденүүлөр менен коштолот. Турмуштан, илимден артта калбаш үчүн дайыма конференцияларга, чет өлкөгө чыгып тажрыйба арттырууга туура келет. Ооруканانын, бейтаптардын көрсөтмөлөрү менен «Жылдын мыкты врачы», «Жылдын мыкты хирургу» аттуу конкурстарга катышып байгелүү орундарга жетиштим.

**-Кыргызстанда дарыгер болуп иштеп жүргөнүңүздү качан көрөбүз?**

-Чет мамлекеттен билим алып өз мекениңе барып иштөөгө эмне жетсин! Бул нерсе мени дайыма ойго салып келет. Негизинен миграциядан улам интеллегенция, билимдүү жана эмгекке жарамдуу жаштар сыртка чыгып өлкөнүн демографиясына, маданий, социалдык жактан алдыга жылуулары басаңдап бараткны чын. Бирок убагы келгенде менин оюмча билимге умтулган, жаңыча ой жүгүрткөн жаштар келечекте чоң инвестиция алып келет деген ойдомун жана ага тилектешмин. Кыргыз медицинасынын келечеги алдыда деп ойлойм.

**-Шакирт тарбиялоодо дагы мыкты болсоңуз керек?**

-"Шакирт болуп көрбөгөн, устаз болуп жарытпайт" дейт. Убагында көп адамдардан билим алгамын. Хирургия, жада калса медицина тармагы теория менен практиканы айкалыштырууну талап кылат, бул нерсе сөзсүз башка адамдардан тажрыйба алмашуу менен гана чечилет. Андыктан бөлүмдөгү врачтарга билгендеримди үйрөткөнгө аракет кылам, өзүм билбеген нерселерди алардан үйрөнөм дегендей.

**-Ош МУ сиз үчүн?**

-Ош МУ - бул билимдин уясы, мен учун «alma mater». Бул сөз менен көп нерсени айтса болот. Биз окуп жүргөн убактагы университет менен азыркы учурдагы Ош МУда чоң айырма бар. Сандан сапатка өтүү, өнүгүү жолуна түшүү көп эмгекти, чечкиндүүлүктү талап кылат. Мен ойлойм мындай нерсеге көп адамдын тажрыйбасы, эмгеги керектелди. Ош МУ азыр бийиктикте.

**-Кыргыз элине жана студенттерге эмне деп айтып кетмексиз?**

-Кыргызстан – киндик каным тамган мекеним, ата-энем жашаган жер. Жыл сайын барып эс алып, туугандостор менен жакшылыкты, ийгиликтерди бирге бөлүшүп турам. Кыргыз эли биримдикти, сый-урматты бийик туткан эл. Ал эми табияттынын кооздугуна сөз жок. Кыргызстанда туулуп, кыргыз болуп жаралганыма сыймыктанам.

Ал эми студентерге ден соолук каалайм. Ооруну башында жеңүү оңой болот, ал үчүн убагында билимдүү, өз ишин жакшы билген кесипкөй дарыгерлерге кайрылууну туура көрөм. Студент бул–адам өмүрүндөгү изденүүнүн, билим алуунун башкы этабы, ошон үчүн ийгиликке болгон умтулуудан талбагыла!

***-Маегиңизге чоң рахмат! Ишиңизге ийгилик каалайбыз!***

*Даярдаган*:
**Калмурат кызы Нурсулуу,**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ОШМУ КЛАССИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТТЕН–ИЗИЛДӨӨЧҮ ИННОВАЦИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТКЕ КАРАЙ

Ушул жылдын 4-февраль күнү ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинде «Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы» талкууланып, кабыл алынды. Мында окуу жайды ар тараптуу өнүктүрүү менен бирге, ОшМУ 2024-жылга чейин дүйнөлүк университеттердин ТОП-700дүн катарына кирүүгө бел байлайт. Аталган ОшМУнун өнүктүрүү концепциясы «ОшМУ КЛАССИКАЛЫК университеттен –ИЗИЛДӨӨЧҮ ИННОВАЦИЯЛЫК университетке карай» деген багыт менен «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына» негизделип жазылды.




**КОНЦЕПЦИЯ 7 СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТТАН ТУРАТ:**

1-окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар;
2-классикалык университеттен-изилдөөчү университетке трансформациялоо;
3-натыйжалуу башкаруу жана кадрдык потенциалды өнүктүрүү;
4-ОшМУну эл аралык билим берүүнүн жана илимдин борборуна айландыруу;
5-билим берүү жана илим инфраструктурасын өнүктүрүү;
6-санариптик билим берүү чөйрөсүн түзүү;
7-адамгерчилик жана руханий тарбия, ден соолук жана спорт, Концепцияны турмушка ашыруудагы күтүлүүчү тоскоолдуктар, аны азайтуунун жолдору берилген.

**Концепция өз максатында жеткиликтүү аткарылса ОшМУ үчүн төмөнкү жыйынтыктарды берет:**

1. ОшМУ 2024-жылы дүйнөлүк университеттердин ТОП-700дүн катарына кирет;
2. Жакынкы жылдары Борбордук Азиядагы эң алдыңкы 3 университеттин бири болот;
3. «Санариптик технологиялардын университетине» айланат;
4. «Коопсуз университет» түзүлөт»;
5. «Экологиялык университет» статусуна ээ болот;
6. «Социалдык жоопкерчиликтүү» университетке айланат;
7. Билимдин сапаты эл аралык стандарттарга дал келет;
8. Билимдин сапатын баалоочу дүйнөлүк рейтингдерге катышып, өз позициясын жогорулатат;
9. Университеттин бардык кафедраларынын өндүрүштө филиалдары ачылат;
10. Эл аралык эмгек рыногунда ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн кадыры көтөрүлөт, кош диплом берүүнүн масштабы кеңейет;
11. ОшМУга студенттердин, ата-энелердин, өнөктөштөрдүн ишеними артат, инвестициялардын көлөмү 3 эсеге көбөйөт;
12. ОшМУнун бюджети 2 эсеге көбөйөт жана окутуучу, кызматкерлердин айлык акысы азыркыдан 2 эсеге жогорулайт.




***Жакынкы аралыкта аткарылуучу иштер тууралуу ОшМУнун ректору, профессор Каныбек Исаков төмөнкүлөргө токтолду:***

-Аталган иштердин алкагында биринчи кезекте долбоорлору иштелип чыккан, финансылык жагы бекемделген 2 окуу-лабораториялык корпусун куруу, андан соң улуттук тарбия менен заманбап билим айкалышкан «Билим» лицейинин жаңы типтеги гимназиясын, жаштардын сергек жашоосу үчүн 2 чоң жабык, баардык шарттары камтылган спорт комплексин, Түштүк-Чыгыш шаарчасында Ак-Бууранын жээгиндеги жерибизге эс алуу менен бирге жаштар пикир алышуусуна аянтча болчу «Жаштар паркын» же «Академиялык шаарча» куруу иштери турат. Андан тышкары илимий багыттагы лабораторияларды түптөсөк, кийин ал жер жаштык, илим жыттанган эстетикалык, этикалык үлгүлүү аймакка айланаары бышык.

Ал эми университетибиздин 80 жылдык маарекесине карата билим ордобуздагы эң мыкты илимпоздордун мыкты макалаларынын жыйнагы камтылган окуу жайыбыздын алтын фонддун түзүүнү көздөп жатабыз. Андан сырткары университетке өмүрүн, жандүйнөсүн, тажрыйбасын арнаган агай-эжелерибиздин бейнесин чагылдырган бир топ китептерди чыгарабыз деген асыл ойлорубуз бар.

Бир чекитте турбай, мезгилдин закымынан артта калбай аракеттенүүдөбүз. Айлык акыларды тынымсыз көтөрүп, окутуучуларга максималдуу шарттарды түзүүдөбүз. 5 млнго жакын каражатты студенттерибиздин социалдык абалын жакшыртууга, спорттон, илимден өзүнүн мыктылыгы менен айырмаланган жаштарга, үй-бүлөлүк жашоо шарты оор балдарыбызга социалдык пакет катары белгилеп келүүдөбүз. Башкы иш аракетибиздин баары университеттин билим берүүгө болгон сапатын көтөрүүгө багытталат.

Алдыда күтүлгөн да, күтүлбөгөн да мезилдин чакырыктарына даяр турушубуз керек. Буга чейинки жасаган иштерди бүгүн жамаат туура болгондугун баамдашууда. Бул багытта көчүбүздү улай беребиз. Кыргызстандагы ЖОЖдордун лидери катарында жалпы билим берүүдөгү тенденциялар, тренддер боюнча жеке өзүмдүн ойлорум бар жана ал Ош университетинин топурагында кандай өнүшү керек, эл кантип кабыл алат, кандайжолмененстуденттерге жетет бул маселеде бирге аракеттенишибиз абзел. Эң башкысы университетибиздин келечеги ажайып жана керемет болоруна толук ишенем!







**Мелис Маматжанов**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru



# ТЕАТР ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ ЖАҢЫ ЫСЫМДАР

*ОшМУнун Киноакадемиясы ачылганына аз убакыт болсо да сахна сыйкырын сезген, чыгармачылыктын ары татаал, ары түйшүктүү жолуна түшкөн, тырнак алды ийгиликтерди жаратып жаткан студенттерди өстүрүп жатат. Бишкек шаарында 2018-жылдын декабрь айында өткөн студенттик спектаклдердин IV республикалык «Жаңы ысымдар» театр февтивалына Киноакадемиясынын студенттери Чынара Калыбекованын «Наристенин чаңырыгы» спектаклы менен катышып, «Мыкты дебют» номинациясын жеңип алды. Ал эми башкы ролду жараткан Арууна Алымбаева «Мыкты актриса» наамына татыды. Ушул эле спектакль 6-февралда Ош шаарындагы Бабур театрында коюлуп, жалпы элдин алкоосуна татыды. Бул тууралуу алдыда сөз кылабыз.*

***-Биринчиден, «Наристенин чаңырыгы» спектаклы аркылуу ийгиликке жетишкениңиздер менен куттуктайбыз!***
***Жеңишке жетүүдөгү кыйынчылыктар, дегеле студенттер менен иштөө оңойго турбаса керек?***

**Тимур Маматкулов, Киноакадемиянын окутуучусу, режиссёр:**

-Албетте, ар бир жеңишке жетүүдө кыйынчылык болбой койбойт. Биз тоскоолдуктардын баарын биргеликте жеңип өттүк. Анткени ректорубуз Каныбек Исаков жана Киноакадемиянын директору Улукбек Омокеев ар тараптан колдоо көрсөтүп, жардамын аяшкан жок. Бардык эле режиссёрлор профессионал актёр, актрисалар менен иштешкиси келет. А мен студенттер менен иштешүүнү туура көрдүм. Башында кыйынчылыктар болду. Аларга түшүндүрүү, пландоо иштери убакытты да талап кылды .



Бирок көз алдында телчигип, жеңишке жетип жатканын көргөндө түйшүктөр ырахатка айланат экен.

1–2–курстун студенттери болгону менен киного, сахнага болгон сүйүүсү, кызыгуулары, каалоолору жогору болгондуктан ар бир ролду чегине жеткире аткарышты. Алардын эмнеге жөндөмдүү экенин көзүнөн байкап, жандүйнөсүндө эмне болуп жаткандыгын туюп турдум. Бишкек шаарында да көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, мактоого арзыды.

Алгач «Наристенин чаңырыгы» аттуу чыгарманын түп нускасы башкача болчу. Кайрадан иштеп чыгып студенттерге ылайыкташтырдым. Чыгарманын аягын трагедия менен бүтүрбөй, ар ким өзү чечим чыгарып, өз чындыгын тапсын дедим. Балким 4-5- курска барганда ушул эле чыгырманын оригиналын ойноп чыгышар.

Бул театр сынагына өлкө боюнча 10дон ашуун спектакль ат салышты. Атап айтканда Эл аралык «Ала Тоо»университетинен, Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунан жана театр окуу жайлардан катышты. Биз биринчи жолу барсак да «Мыкты дебют» наамына ээ болдук.

Азыркы учурда Киноакадемияда таланты таш жарган улан-кыздар көп. Алардын кандай



деңгээлге чыгаары өздөрүнөн көз каранды. Эгерде тынбай изденип, талыкпай эмгектенип, театр дүйнөсүнө сүңгүп кире алышса профиссионал актёр, актрисалардын катарында көрөбүз деп толук ишенем.

Ушул убакта Тынчтык жана Самат аттуу жигиттердин демилгеси менен биз сөз кылып жаткан спектаклдын негизинде кино тартылып жатат. Буйруса чоң экрандан көрүү мезгили алыс эмес.

**Арууна Алымбаева, «Жаш кыял» сыйлыгынын ээси, ОшМУнун Киноакадемиясынын 1-курсунун студенти:**

-Борбор калаада биринчи жолу чоң сахнага чыктым. Бирок өз ролумду жеткиликтүү аткара албай калам деп корккон жокмун. Анткени элдин кол чабуусу толкундоону басып, дем-күч берип турду. «Наристенин чаңырыгында» Мээримдин образын жараттым. Дебюттук спектакль болгон үчүн ролго кирүү кыйынга турса, ролдон чыга албай да бир-эки жума жүрдүм... Сахнанын аурасы, сыйкыры арбап алат эмеспи. Ошол демди жоготпой, өзүмө болгон чоң ишеничти жарата алдым. Буйруса, дүйнөлүк деңгээлдеги актриса болуу менен өлкөбүздү таанытып, алдыда өзүмдүн ар тараптан сынагым келет. Анткени актриса эч качан роль тандабаш керек деп ойлойм. Бир образ менен чектелгим келбейт.

Ал эми Бабур театрында ушул спектаклды кайталап койгон учурда, башта жеткире албай калган учурларды мыктылап аткардым. Чоң сахнадагы тушоом ийгиликтүү кесилгенине кубанычтамын!

**Даярдаган: Чыңгыз кызы Нуриза**

# КОРЕЯГА ЖЕТЕЛЕГЕН КЫЯЛДАР



**Учурда билим алуу үчүн бар күчүн үрөп, билим сапарына чыккан студенттерибиздин катары көбөйүп жатканы кубандырат. Академиялык мобилдүүлүк боюнча Түштүк Корея өлкөсүндө окуп жаткан студент досубуздун маегине чогуу көз чаптыралы.**

***Абдыкадыр кызы Жаркынай, эл арлык мамилелер факультетинин 3-курсунун студенти:***

## « ОШМУ БИЗГЕ КЕЛЕЧЕКТИН ЧОҢ ЭШИГИН АЧТЫ»

***АЛГАЧКЫ КАДАМДАР***

Балалыгымдын изи калган жер, кичи мекеним Жалал–Абад облусунун Сузак районунун Талаа–Булак айылы. Мектеп партасында олтурган мезгилден тарта англис тилине басым жасап, үйрөнүүгө тырыштым. Америкага баруу көксөгөн кыялым болгондуктанбы, айтор, ЖРТдан тест тапшырганда да англис тилин кошо белгиледим. Чет өлкөгө чыгуу максатым күч болгондуктан ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетине өтүп, кошумча корей тилин тандадым.

Түштүк Корея өлкөсүнө факультеттеги мугалимдердин жана «Чанву» окуу борборунун директорунун жардамы менен тест тапшырып, жыйынтыгы мыкты болуп келип калдым.

Жаш кезимден жасаган аракеттеримдин жыйындысы болуп, учурда Пусан мамлекеттик университетинде билим алып жатам. Буйруса бир семестр окуп, кайрадан билим сапарын ОшМУдан улантам.

**ЭНЕ КАНТСЕ ДА ЭНЕ...**

Үйдө эң кенжеси болгон үчүнбү алгач алыс жайга окууга баратканымды уккан апам караманча каршы турду. Атам болсо колдоп, дайымкыдай ийгилик каалады. Акыры апам да көксөөмдү түшүнүп, ак жол тиледи.

Бардык жетишкендиктеримдин, ийгиликтеримдин артында аска-зоодой кубат



болгон ата-энем турат. Алардын үмүтүн мыкты окуп, үлгүлүү жүрүп актасам дейм.

**БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР**

Түштүк Корея жалпысынан өнүккөн өлкө болгондуктан билим берүү тармагына көп көңүл бурулуп, заманбап аудиториялар, китепканалар, автоматташтырылган окуу системасы, мугалимдердин ар бир студентке болгон жеке мамилеси, айтор, ар тараптан максималдуу шарттар каралган. Баса, 2-курсун же 4-курстун студенти болобу керектүү лекцияларды чогуу өткөнү мага жакты. Мол тажрыйба топтогонго жакшы мүмкүнчүлүк жаралат экен.

**КОРЕЯ – БИЗ КӨРГӨН СЕРИАЛДАГЫДАЙ КООЗ ӨЛКӨ**

Корей эли мээнеткеч, өжөр, меймандос, убакытка абдан так келет. Кечиккендерди жаман көрүшөт. Биз ушул негизги сапатын өзүбүзгө сиңирип алсак жакшы болмок. Кыргызмында, башында биринчи парага 5-10 мүнөт кечигип жүрдүм... (күлүп) Бирок кийин көнүп кеттим. Корей элинен өзүмө тактыкты, көйгөйлөрүмдү өзүм чечүүгө үйрөндүм.

Деңиз жанында жайгашкандыктан табияты да «назик» сыяктанды.

Бир сөз менен айтканда биз суктанып көргөн сериалдагыдай өлкө.

**КЫРГЫЗДАР ЖӨНҮНДӨ ТААНЫШТЫРЫП ЖАТАМ**

Биз жөнүндө көп деле билишчү эмес. Мекенибиз тууралуу презентация жасап, тааныштырган соң кызыгуулары артып баштады. Кыргызстан ажайып кооз дүйнө эли суктанчу өлкө болгондуктан, кимди болбосун көңүл сыртынан калтырбашы бышык.

Группалаштардын бизге болгон мамилеси аябай жакшы. Мисалы динибиз Ислам дини болгондуктан, кээ бир нерселерди жегенден баш



тартабыз, бул учурда группалаштар түштөнүүгө ойлонбой туруп биз каалаган жерге чогуу тамактанганы барышат. Бул да болсо бири-бирибиздин тандообузду сыйлоо деп билем.

**КОЗҮМДӨН ЖАШ АККАНЧА ТАМАКТАНА БЕРДИМ**

Жаңы дүйнө, баары мага тааныш эмес. Мындай учурда кызыктар көп болот эмеспи. Окууга жаңы келген учурубузда корей ашканасын жакшы билбегендиктен, ачуу тамак алган экенбиз, айла жок сыр билгизбей көзүбүздөн жаш акканча тамактана бердик. *(күлүп)*

**ОШМУ–КЕЛЕЧЕКТИН ЧОҢ ЭШИГИН БИЗГЕ АЧТЫ**

Достор, убакыт зымырык куш. Андыктан студенттик доорду изденүү, талбай эмгектенүү менен өткөрүүңүздөрдү каалайт элем. Жандүйнөңүз каалаган, кызыккан кесипти тандаңыздар! Эч качан артка кадам таштабай, максатыңызга жетүү үчүн жан үрөп, талбаңыздар!

ОшМУ мен үчүн максатыма баруучу жолдун башаты десем туура болот. Келечектин чоң эшигин бизге ачып, көпүрө болуп, ар тараптан колдоо көрсөтүп, шарт түзүп келет. Ыраазымын!

**Даярдаган: Октяброва Нуржайна**

Жаштык-бул жигер! НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# МАЙСАЛБЕК ЖЕТПЕЙ КАЛГАН МАКСАТКА ЖЕТКЕН ОШМУНУН МУГАЛИМИ

«...Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң бир жөнөкөй, эң бир асыл ишке - мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарды тамга таанытып окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум». ( Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» китебинен)

Ч. Айтматовтун «Саманчынын жолу» повесттиндеги Майсалбек жетбей калган максатка жеткен, Баткен коогалаңынын катышычуусу, ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окутуучусу ф.и.к., Исаков Баястан агайдын маегин сунуштайбыз.

**-Арыбаңыз агай! Майрамыңыз менен куттуктайбыз! Согуштун бетин ары кылсын. Бирок, өткөн өткөөл учуруңуз жөнүңдө кеп кылсаңыз. Баткен согушуна кантип барып калдыңыз эле?**

-Мен КМУда окуп жүргөн кезде аскерге даярдоочу кафедра бар эле. Ошол жерден окуп, аскердик чин алдым. Андан соң университетке жумушка орношуп, иштеп жүрдүм. Көп өтпөй жүрөктүн үшүн алган Баткен коогалаңы башталып калды. Ал кездеги кыргыз армиясы алсыз болуп, аскерлер жетишпегендиктен мен да согуш майданына чакырылдым.

Согуш деген аттын өзү өзөктү өрттөп, кымгуут жаткан дүйнөнү бир аңтарып алат. Эки жыл согуш талаасында жүрүп тунжурап турган тынчтыктын, барчылыктын кадырына жеттим. Адам баласы бейпил жашоодо жашап жатып бири-бирине көралбастык, ичи тардык, жамандык кылып, майдаланып кетет тура. Ал эми согуш ынтымакты, боорукердикти, ата-эненин кадырына жетүүгө үйрөтөт.

Негизинен мен жүргөн аймактарда кандуу окуя катталбады. Бир жоокерибиз кырсыктан көз жумду. Бирок согуштук аракеттер байма-бай кайталанып жатты. Бир жолу атайын согуштук билим алган чалгынчылар тобу жергиликтүү тургундар сыяктуу кой, эчки айдап чек араны бузуп өтүүгө аракет жасаган кылмыштуу топту кармадык.

Эмгегим бааланып КРдин Президентинин Ардак громатасы менен сыйландым.

Эч качан согуш деген ат аталбай, өлкөбүз тынчтык менен өнүгө берсин демекмин.

Агай чыгармачылык менен алектенип, мекенге, ата-энеге арналган ырларды жазып келет.

*Амандык Ата-Журтума!*
*Жүрөктө, эзэнде тилимде,*
*Эстеймин дайым дилимде.*
*Сүйүүсү Ата-Журтумдун,*
*Сиңген го тамыр, жүлүнгө...*

*Даңаза кылат акындар,*
*Жазылгын канча сан ыр бар.*
*Тил менен кантип билдирем?!*
*Ардактайм ар бир чаңын да.*

*Жүрөгүң тыңшайм мекеним,*
*Тагдырың бекем байланган.*
*Эркелеп сага баладай,*
*Энедей кээде айланам.*

*Мурастап ата-бабалар,*
*Келечек күндө урпагым.*
*Кастарлап сени сактасын,*
*Тепсетпей каска турпагың!*

*Азыркы жашоо эң сонун,*
*Бейпилдик деген кемеде.*
*Жашоодо элим ынтымак,*
*Жакындап күндө Эгеме.*

*Тарыхта түркүн тагдырлар...*
*Кайгыдан көздөн кан аккан.*
*Кыямат күнгө жеткирсин,*
*Амандык менен Жараткан!*

**Даярдаган: Мажитов Рысбай**

# МЕН АСКЕРГЕ БАРГАНДА

*Армия дегенде биринчи кезекте кайраттуу, эр жүрөк жаштардын бир отряддарда Ата–Журт үчүн кызмат кылып жатканын элестетебиз. Тилекке каршы учурда армияга барбай койгон жаштардын катары көбөйүп барат. Бирок мекенчил жаштар аларды ордун толуктап жүрүшөт. Өлкө жүгүн артынып, атуулдук милдетти аткарып келген Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин студенти Жыргалбек уулу Нургазы менен болгон маекке көз чаптырыңыз.*



**-Армияга кайсы учурда бардыңыз?**

-2017–2018–ж.ж. Ош областынын Жапалак айылындагы Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин «Республикалык өзүнчө куткаруу отрядында» кызмат өтөдүм. Азыркы учурда ошол эле аты аталган аскердик бөлүктүн мобилдик куткаруу отрядында иштеп келем.

**-Армияга барганга чейин кандай элеңиз, баргандан кийин..?**

-Артка кылчайып карасам, балалык кылып көп ката кетириптирмин. Ата-энемин сөзү кулак сыртынан кеткен учурлар үчүн өкүнөм. Армия мени турмуштун даңгыр жолуна тарбиялады. Мекенге, жашоого болгон көз карашым өзгөрдү. Ар кандай кыйынчылыкка тике караганга,

тазалыкка, сабырдуулукка, тартиптүү болууга, убакытты туура пайдаланууга үйрөттү. Учурдан пайдаланып жигиттерге, биринчи кезекте ата–энени сыйлагыла, мекениңерди сүйгүлө жана коргогула демекчимин.

**-Эсте калган кызыктуу учурларыңыз?**

-Армияда эсте калгандан да, эстен чыкпас окуялар көп болот (күлүп).

Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына барган учурда кезектешип экиден бала тамак жасап калдык. Бир күнү тамак жасоо кезеги бизге да келди. Шымаланып мен жасай турган болдум. Стол четинде баары тамактанып жатышкан. Бир убакта командир: «Жыргалбек уулу тамакты да ушундай жасайсыңбы, туздун баарын кошуп салдыңбы?» - деп кыйкырып калды. Мен эмне кылаарымы билбей башымы жерге салып унчукпай туруп калсам, кайра: «Тамаша, азаматсың! Сонун жасаптырсың!» деген учурда кыраан күлкү каптады. Менин да бозоргон жүзүмө кызыл жүгүрүп, кудундап калдым *(күлүп)*.

**-Армиядагы эрежелерди азыркы учурда да колдоносузбу?**

-Албетте, эрежелерди сактайм. Бир калыпка түшкөн соң, ал эреже болуп, кийин адатка айланат. Тартип менен тазалыкты, сабырдуулукту кармап, дайыма денемди чыңдап турам. Бул эрежелер жашоодо көптөгөн утуштарды камсыздоомо түрткү берет.

**-Өз каалооңуз менен бардыңыз беле?**

-Ооба, өз каалоом менен, ата-энемин каршылыгына карабастан бардым. Аскерге узатып жаткан учурда апам жашып, каршылык көрсөттү эле. Кантсе да эне жүрөгү баласын алыстаткысы келбейт тура... Бирок, убакыт зымырап бир жыл бат эле өтүп кетти. Кайра келгенимде ата-энем жана бир туугандарым кубанып тосуп алышты.

**-Армия сиз үчүн?**

-Армия болбой, мекен болбойт, мекен болбой, армия болбойт.

Өз элибизди, өз жерибизди өзүбүз коргобосок, бизге эч ким коргоп бербейт. Ошондуктан армиядан качпай, патриоттук сезимдерибизди ойготуп, мекенибизге аз да болсо салымыбызды кошолу!

**-Маегиңизге рахмат, ишиңизге ийгилик!**

**Даярдаган: Айтибек кызы Мария**

# КАТАР ӨЛКӨСҮНӨ ЖОЛДОМО, ЖӨӨ КҮЛҮКТӨРДҮН ЖЕҢИШТЕРИ

***КРдин спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча дирекциясы уюштурган жеңил отлетика боюнча Кыргыз Республикасынын чемпионатында 3000 метр аларыкка чуркоо боюнча ОшМУнун педагогика жана дене тарбия факультетинин окутуучусу, бизнес жана менеджмент факультетинин магистранты Алымкан Жамшитбекова, педагогика жана дене тарбия факультетинин студенти Максатбек уулу Баястан I орунду ээлешип, 20-апрелде Катар мамлекетинде өтүүчү Азия чемпионатына жолдомо алышты. Ушул эле чемпионатка катышкан педагогика жана дене тарбия факультетинин студенти Урматбек Абдылдаев III орунду ээлеп, диплом менен сыйланды. Ийгиликке жеткен спортчулар биздин маек төрдө.***

**Максатбек уулу Баястан, педагогика жана дене тарбия факультетинин студенти:**



**«КАТАРДА ИЙГИЛИК ЖАРАТАМ ДЕГЕН ДЫМАГЫМ КҮЧТҮҮ»**

-Бул жарыш 14–15–февраль күндөрү Бишкек шаарында өттү. Мелдештин жеңүүчүсү Катардагы Азия чемпионатына жолдонмо алмак. Таликпаган мээнеттин артынан жолдомону капчыгыма сала алдым. Спорттун бул түрү менен машыкканыма 4, 5 жылдын жүзү болду. Ош шаарына келген учурдан баштап кызуугум артып, ийгиликтерди жарата баштадым.

Алдыда Катарда өтүүчү мелдеш көп аракетти талап кылат. Чоң жоопкерчилик бар экенин сезип жатам. Мында жеке өзүм эле эмес кыргыз элимдин намысы жөнүндө сөз болору бышык. Демек, өлкөбүздүн атынан чыгып жаткан соң бир гана жеңиш менен кайтууга бар күчүмдү жумшаймын. Учурда күн сайын 20, 25 километр аралыкка чуркап жатам. Кудай буюрса Катардан ийгилик жаратам деген дымагым күчтүү. Учурдан пайдаланып мени өстүргөн, ушул даражага жеткирген машыктыруучум Алмаз Казыбеков агайыма терең ыраазычылыгымды билдирем.

**Алымкан Жамшитбекова, педагогика жана дене тарбия факультетинин окутуучусу, бизнес жана менеджмент факультетинин магистранты:**



**«ЧУРКАГАНДАН ЧАРЧАБАЙМ»**

-Аталган мелдеште 400 метр аралыкка чуркоо боюнча өлкөбүздүн 7 дубанынан 24 жөө күлүк катышты. Атаандаштарым чынында күчтүү болчу. Бирок менин да даярдыгым мыкты эле. Старт берилип, ышкырык жаңырганда бир гана жеңишке болгон умтулуу менен чуркап жаттым. Марага биринчи келгендеги сезимдерди жеткирүү кыйын. Анын даамын бир гана биринчи келген жеңүүчү сезе алат.

Бул спорттун түрү мени жашоодо сабырдуулукка, чыдамкайлыкка, мээнеткеч болууга үйрөттү. Бир аз эле чуркабай калган учурда оорлошуп, өзүмдү бөксөрүп калгандай сезем. Машыгып жаткан кезде кыялданам, максаттарымды бекемдейм, сергек ой жүгүртө баштайм.

Жеңилген учурлар да болгон. Бирок бул жеңилүүлөр мага сабак болчу. Кийинки мелдеште сөзсүз жеңишке жетем дечүмүн. Кайгырганда, кубанганда ар дайым өзүнүн кеңешин берген машыктыруучу агайыма ыраазымын. «Спортто ийгиликке жетем десең, анда чыда, аракеттен»,- деп көп айтат.

Алдыда Азия чемпионаты, ЖОЖдор аралык Универсиада жана көптөгөн мелдештер күтүп турат.

**Жараткан ийгиликтери:**
**2017-жылдын 2-декабрында Өзбекстан мамлекетинин Андижан шаарында өткөрүлгөн мелдеште 400м аралык чуркоодо 1-орун.**
**2018-ж КРдин кышкы ачык биринчилигинде 1-орун.**
**«Универсиада 2018 жогорку лига» 400м, 200м аралыкка чуркоодо 1-орун.**
**КРдин ачык чемпионатында 400м, 800метрге чуркоодо 1-орун Өзбекстан мамлекетинин Ташкент шаарында өткөрүлгөн «Кубок Узбекистан» чемпионатында 1-орун,**
**Ысык -Көл облусунда өткөрүлгөн Эл аралык мелдештин жеңүүчүсү.**
**2019-жылдын февраль айында КРдин кышкы ачык биринчилигинде 400м аралык чуркоодо 1-орун.**

**Даярдаган: Нургелди Каныбек уулу**

“Нур” ОшМУнун студенттеринин коомдук маданий гезити
**Башкы редактору:** МАМАТЖАН уулу Мелис
**Редактордун орун басары:** Калмурат кызы Нурсулуу

**Редакциялык кеңеш:** А.Мурзакметов, А.Айтманбетов, Т.Жороев, Т. Колдошов, З.Нуралиева, У.Омокеев

**Редакциялык топ:** Айбек кызы Мээрим, Улукбек кызы Марина, Азизилла уулу Эгемжар, Маматражап уулу Улукмырза, Аманалиева Айдана, Айтибек кызы Мария

**Дизайнер:** Бектемир уулу Дүйшөнбек
**Корректор:** Калмурат кызы Нурсулуу

**Менеджер:** Жарматова Гүлбадам
**Каттар бөлүмүнүн жетекчиси:** Октяброва Нуржайна
**Кабарлар бөлүмүнүн жетекчиси:** Марат уулу Сыймык
**Фото кабарчы:** Термечиков Аккоша

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 3350 Буюртма № 365

# «АЗАТТЫКТАН» АЛГАН ТААСИРЛЕР

Замандын күрөө тамырын кармап, калемдин учу менен чындыкты жазган дасыккан журналист болуу менин бийик кыялым. ОшМУнун кыргыз тили жана журналистика факультетине тапшырып, аны менен кошо студенттик «Нур» гезитинде иштеп, өзүмдү ар тараптан калыптандырып жүрөм. Дал ушул учурда «Азаттык» үналгысына бир ай тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк жаралып калды. Демек, адам кыялданса, акыры чындыктын жибин кармап, өз жолун улаарына дагы бир жолу ишендим.

«Азаттыктын» астанасын аттаган учурда эле ал жерде жумуш кайнап жатканы байкалды. Ары-бери такылдап баскан журналистер, телефондун басылбаган коңгуроосу, көз алдыма голливуд кино тасмасындагы офистер элестелип турду. Мени жылуу тосуп алып, күргүштөп жумуш кызып турган ички «Азаттык» менен тааныштырып чыкты.

Чынында «Азаттык» чоң чөйрө. Биздин коомдо таасири зор. Жумуш да ошого жараша арбын. Ар ким өзүнүн иши менен алек. Мени көңүл сыртында калтырбай өздөрүнүн кесиптеши сыяктуу пикир алышып, оюмду угуп жатканы, көкүрөктү тээп жаткан максатымды дагы да бекемдеди. Качан адам өзүн эркин сезгенде, идеялары оргуштап, кенен ойлоно баштайт. Ал жердеги эркиндиктин илеби, сырттагы жаңы барган мага да сезилип жатты...

«Азаттыктын» үстөлүнүн үстүндө компьютер, кактус, кофе гана эмес, идеялар, ой-пикирлер, изилдөөлөр турары сезилди. Негизи биз, кыргыздар, кобурашып бош олтурганды жакшы көрөбүз. Ал жерде эки колун бош койгон жанды көрбөдүм. Бошой калса эле жаңы нерсе үйрөнүп жатканын баамдап, бул жакта «жаңы» кыргыздар иштейт го деп ойлоп калдым.



Мага алгач эле даяр жаңылыктарды окутуп көрүп, андан соң кабар жазуунун сырларын үйрөтүп баштышты. ОшМУнун бүтүрүүчүсү Эрнист Нурматов жетекчим болду. Аны сунушу менен «Азаттыктын» сайтына алгачкы блогумду жаздым. Бул эмгегим ийгиликтүү болуп, журналистикага болгон кызуугум күчөп, сүңгүп кире баштадым. Окуунu бүтсөм «Азаттыкта» иштейм деген максат пайда болду.

Мүмкүнчүлүк түзүп берген ОшМУга, «Азаттыкка» ыраазычылыгым чексиз! Буюрса жакшы тажрыйбалар менен журналисттик ишмердүүлүгүмдү Ош шаарында улантам!


# ОЙЛОН-НУР

**Туурасынан:**

1. XVI кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз уруулар бирикмесинин башчысы, көз карандысыз кыргыз мамлекетин түзүүгө аракеттенген инсан?
2. Эрди ..., коёнду камыш өлтүрөт?
3. Советтик жана кыргыз мамлекеттик ишмери, Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин биринчи катчысы?
4. XIX кылымдын биринчи жарымында Борбордук Теңир-Тоодогу Кокон эзүүсүнө каршы кыймылдын жетекчиси?
5. «Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот» деген учкул сөздүн ээси, улуттук баатыр?

**Тигинен:**

6. Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган ким болгон?
7. Кокон хандыгынын тушунда 31 жашында датка наамына татыган кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер?
8. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манастын чоң атасы ким?
9. «Махабат дастанындагы» Бегимайдын ашыгы?
10. Тарыхта эскерилген алгачкы кыргыз каганы?
11. Кыргыз республикасынын тунгуч президенти?




# КУТТУКТАЙБЫЗ




*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президиумунун 2019-жылдын 18-февралындагы №13 токтомунун негизинде И. К. Ахунбаев атындагы академиялык сыйлык Ош мамлекеттик университетинин Педиатрия №1 кафедрасынын доценти, м.и.к., Турдубаев Курсантбек Ташболотовичке «Педиатриянын ар түрдүү аспектери боюнча монографиялардын топтому» аттуу эмгектери үчүн ыйгарылды.*

*Курсанбек Ташболотович, Сизди жогорку сыйлыктын Лауреаты болушуңуз менен чын дилибизден куттуктайбыз. Сизге, чың ден соолук, үй-бүлөңүзгө бакыт, иштериңизге албан ийгиликтерди каалайбыз!*

*Ректорат, деканат, «Педиатрия» адистигинин 3п-1а группасынын студенттери.*

# КИТЕП ТУУРАЛУУ КЫЗЫКТАР

Алгачкы китеп биздин заманга чейинки 1-кылымда пайда болгон. Бактан кичинекей тактайчаларды жасап, анын бетине мом куюшкан. Мом жумшак кезинде текшиленип, катыгандан кийин анын бетине курч металл таякча менен жазышкан.

***

Жер бетиндеги эң байыркы китеп катары Присстин папирусу аталат. Ал биздин заманга чейинки 3350-жылы түзүлгөн. Бул китеп байыркы Фивы шаарындагы пирамидалардын биринде табылган.

***

Байыркы Ассирияда ылайдан китеп жасашкан. Бул китептин узун-туурасы 32 сантиметрди түзсө, ар бир барагынын калыңдыгы 2,5 сантиметрге жеткен. Мындай калыңдыктагы барактар 1 китепте 10дон 100 даанага чейин болгон.

***

Дүйнөлүк статистикага таянсак, китеп сатып алуучулардын жарымы 45 жаштан ооп калган адамдар жана алардын көпчүлүгү айымдар болуп эсептелет.

***

Йелск университетинин окумуштууларынын изилдөөсү боюнча, 3-класска чейин окуй албаган окуучулардын төрттөн үч бөлүгү ошол бойдон шар окуй албай калышат.

***

Китеп ууруларын «библиоклептоман» деп аташат. Эң атактуу библиоклептоман Стивен Блумберг жалпысынан 268 китепканадан 23 миңден китеп уурдап, чогулткан.

***

Эң көп калем акыга татыган китептердин катарына акын Оппиандын чыгармалары кирет.

***

Рим падышасы Марк Аврелий анын балык кармоо жана мергенчилик тууралуу эки поэмасынын ар бир сабы үчүн бирден алтын тыйын төлөп берген.

***

Дүйнөдөгү эң чоң китеп Амстердамдагы музейлердин биринде сакталган. «Деңиз шарттарынын жыйнагы» аталган китептин туурасы 1 метр, узуну 1,5 метр, калыңдыгы 0,5 метрдей.

***

Дүйнөдөгү эң кичинекей китептин 12 даанасы бир аш кашыкка батат

